И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

Д 13.20.618 диссертациялык кеңеш

Кол жазма укугунда

УДК 378.146.88

ЧИНИБАЕВА ГУЛЬНАРА ДУЙСЕКОВНА

КАЗАХСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ САЛЫШТЫРМА ПЕДАГОГИКАНЫН ӨНҮГҮШҮ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферати

Бишкек – 2022

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды

Илимий жетекчи: **Эсенгулова Миркуль Молутбековна –** педагогика илимдеринин кандидаты, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын доценти

Расмий оппоненттер: **Асипова Нурбубу Асаналиевна –** педагогика илимдеринин доктору, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын башчысы

Низовская Ирина Анатольевна – педагогика илимдеринин кандидаты, Борбордук Азиядагы Эл аралык университетинин педагогика кафедрасынын доценти

Жетектөөчү мекеме: К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасы (дареги: Бишкек ш., Манас проспекти, 27).

Диссертациялык иш 2022- жылдын 15-апрелинде саат 16.00 дө И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 13.20.618 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720040, Бишкек шаары, И. Раззаков көчөсү, 51.

Диссертациялык иш менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (дареги: 720026. Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү 51) жана Кыргыз Билим берүү академиясынын (дареги: 720000, Эркиндик бульвары, 25) илимий китепканаларынан жана диссертациялык кеңештин расмий сайтынан таанышууга болот (www.arabaev.kg).

Автореферат 2021-жылы 11 мартта таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин доктору, профессор Дюшеева Н.К.

ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Азыркы мезгилде билим берүү маселелерине болгон кызуугу артып бара жатат. Мындай кызыгуу XX кылымда жеке мүнөздөгү бардык маселелер жана карама-каршылыктар глобалдык мүнөзгө айланган адам эволюциясында өзгөчө чек болгондугу менен байланышат.

Спутниктен кийинки он жылдыктын ичинде (б.а. өткөн кылымдын 60-жылдарынан кийин) дүйнө жүзүндө билим берүүдө структуралык өзгөрүүлөр болуп жатат.

Бул өзгөрүүлөр мол маалымат жана дүйнөлүк экономиканын глобалдашуусу, Европада бирдиктүү экономикалык аймактын түзүлүшү, билим берүү боюнча Лиссабон жана Болон конвенцияларынын кабыл алынышы менен байланышкан.

Дүйнөлүк бирдиктүү билим берүү мейкиндигине кирүүгө умтулуу постсоветтик мейкиндиктеги билим берүүнүн масштабдуу реформаланышына алып келди.

Коомдук турмуштун бардык аспектилеринин улам өсүп жаткан интернационалдаштыруусу чет өлкөлөрдө билим берүү чөйрөсүндө болуп жаткан процесстерге, алардын Казакстан Республикасындагы билим берүүнүн өнүгүү тенденциялары менен өз ара байланышына дайыма талдоо жүргүзүүнү талап кылат.

Бул милдетти дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө жана аймактарындагы билим берүү системасынын өнүгүү абалын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана тенденцияларын изилдеген салыштырма педагогика илими аткарат.

Билим берүү системасын азыркы мезгилдеги илим менен техниканын акыркы жетишкендиктерин практикага киргизбей, инновациялык билим берүү технологияларын колдонбой туруп түп-тамырынан бери реформалоо мүмкүн эмес.

Биздин пикирибиз боюнча, дүйнөлүк позитивдүү тажрыйбаны колдонуу улуттук-маданий өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен терең иликтөөнүн негизинде республикадагы педагогдордун тажрыйбасына жана чеберчилигин урматтоо аркылуу ишке ашуусу керек.

Биз изилдеп жаткан маселенин ар кандай аспектилери көптөгөн изилдөөчүлөр тарабынан өзүнчө иликтенген жана изилденип жатат. Жалпысынан, биз бул маселе боюнча колдо болгон изилдөөлөрдү төрт негизги блокко бөлүп карадык.

Биринчи блок жалпысынан билим берүү маселелерине, дүйнөлүк тенденцияларга жана билим берүү реформаларынын багыттарына арналган булактардын жана эмгектердин кеңири булагынан турат. Алардын ичинен биринчи кезекте Б.С. Гершунскийдин фундаменталдуу эмгектерин белгилөөгө болот, өзгөчө акыркы изилдөөлөрүнүн бири – «XXI кылымдагы билим берүү философиясы».

Б. Гершунский аталган эмгегинде XX кылымдын аягы жана XXI

кылымдын башындагы билим берүү анализдеп, билим берүү тармагындагы глобалдык өзгөрүүлөргө байланыштуу маселелерди коюп, билим берүүнүн өнүгүү жолдорун аныктоого аракет кылат. Изилдөөчү билим берүүнүн негизги максаты катары анын бүгүнкү күндө планетардык деңгээлге көтөрүлүп бараткан жаратуучулук, маданиятты түзүүчү, гуманитардык миссиясын белгилейт.

Иштин экинчи блогун салыштырма педагогика боюнча изилдөөлөр түзөт. Салыштырма педагогиканын маселелери кеңири жана ал маселелер орус, чет өлкөлүк жана казак авторлорунун изилдөөлөрүндө кеңири чагылдырылган. Алсак,

А.Н. Джуринский, Б.С. Гершунский, Б.Л. Вульфсон, З.А. Малькова жана башкалар салыштырма педагогиканын методологиясы жана салыштырма-педагогикалык изилдөөлөрдүн методикасын; Л.Г. Можаева, Э.Ю. Каверина, Е.А. Мамбетказиев, Б.К. Дамитов жана башка изилдөөчүлөр билим берүү саясатын; И. Майбуров, Э.Ю. Каверина, О.М. Карпенко билим берүү экономикасын; В.А. Капранова, Н.И. Латыш, В.И. Андреев жана башкалар билим берүүдөгү башкаруу жана пландаштыруу маселелерин; В.М. Филиппов, Ж. Алак, Г. Нив, М.В. Волынкина, Ю.Б. Рубин, Е.Г. Полупанова, Ш.Х. Курманалина билим берүү системасын, окутуунун мазмунун жана методдорун; М.Ю. Раевская, С. Филатов, Н. Сухорукова, Д.Н. Хамханова, И.И.Ганчеренок, Б. Мамыканова, Д.М. Джусубалиева, Н.Д. Хмель, А.К. Мынбаева окутуучулардын кесиптик даярдыгын жана квалификациясын жогорулатуусун изилдөөгө алышкан.

Иштин үчүнчү блогуна Казакстандагы билим берүү системасы, анын реформалык багыттарын, тенденцияларын жана билим берүүнүн улуттук моделин калыптандыруу менен түздөн-түз байланышкан изилдөөлөрдү киргиздик. Бул жагынан А.Ахметовдун, Б.Дамитовдун, К.Көшербаевдин эмгектери өзгөчө орунду ээлейт.

Иштин төртүнчү блогунда салыштырма педагогика боюнча А.Б.Абдрашев, Н.А. Асипова, И.С. Болджурова, К.Бообекова, К.Д. Добаев, Н.К. Дюшеева, А.М. Мамытов, А.К. Наркозиев, Т.В. Панкова, М.Р. Рахимова, А.Т.Калдыбаева, К.А. Шаршекеева, Э.Супатаева, Т.Ф. Черноус, М.М. Эсенгулова жана башка кыргыз окумуштууларынын изилдөөлөрү талдоого алынат.

Жогоруд белгиленген изилдөөлөр Казакстан Республикасында гана эмес, башка мамлекеттерде билим берүү маселелерин илимий жана практикалык жактан чечүүдө чоң маниге ээ болду. Бирок каралып жаткан маселелердин илимий кызыкчылыктарына жана актуалдуулугуна карабастан бүгүнкү күндө билим берүүнүн дүйнөлүк моделдеринин алдыңкы тажрыйбаларын жана салттарын казакстандык билим берүүнүн педагогикалык практикасына киргизүү маселелери бир тараптуу жана аргументтүү чечимге ээ боло элек. Белгилей кетсек, Казакстан Республикасында салыштырма педагогиканын өнүгүү проблемасы атайын изилдөөнүн предмети болгон эмес.

Изилденип жаткан маселенин актуалдуулугу, философиялык,

психологиялык, педагогикалык адабияттарды талдоо, диссертацияларды, монографиялык материалдарды изилдөө Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүшүн изилдөөнүн алкагында төмөнкүдөй *карама-каршылыктар* аныкталды:

– Казакстан Республикасынын билим берүү системасынын Казакстан Республикасынын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине киришинин өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу идеяларды жана интеграциялык процесстердин талаптарын ишке ашыруу үчүн жаңы концептуалдык негиздерге болгон муктаждыгы;

– билим берүүдөгү интеграциялык процесстердин социалдык маанисинин жогорулашы жана салыштырма педагогиканын билим берүү мүмкүнчүлүктөрүнүн изилденбегендиги;

Казакстандын жождорунда студенттерди даярдоодо 21-кылымдын көндүмдөрүн калыптандыруу зарылчылыгы, бул максатта башка өлкөлөрдүн билим берүү мейкиндигинде топтолгон тажрыйбаны колдонуу мүмкүнчүлүгү жана жогорку окуу жайларынын студенттеринин салыштырма анализдин жана сынчыл ойломдун жетишсиз өнүгүү деңгээли.

Бул карама-каршылыктар, ошондой эле психологиялык-педагогикалык адабияттарды талдоо изилденип жаткан маселенин татаалдыгын жана көп кырдуулугун, аларды илимий түшүнүүгө жана ар тараптуу талдоо жүргүзүүгө байланышкан талаш-тартыш маселелердин бар экендигин, ошондой эле алардын өнүгүшүн изилдөө зарылчылыгы **«Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүшү»** аттуу диссертациялык теманы тандап алууга шарт түздү.

Диссертациянын темасынын илимдин приоритеттүү багыттары менен байланышы: Диссертациянын темасы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (2015-2020-жж.) жана Орда университетинин (Чымкент) илимий изилдөөлөрүнүн тематикалык планына киргизилген.

Изилдөөнүн максаты Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканы өнүгүшүнүн негизги багыттарын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана тенденцияларын аныктоо, жождун студенттеринин салыштырма талдоо жана сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн уюштуруучулук шарттарды иштеп чыгуу жана аларды университеттин окуу процессинде эксперименттен өткөрүү болуп саналат.

Изилдөөнүн милдеттери:

1. Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүшүндөгү негизги багыттарды, мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана тенденцияларды аныктоо.

2. Казакстан Республикасындагы жана башка мамлекеттердеги мугалимдерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасынын методикалык ыкмаларын боюнча салыштырма талдоонун жыйынтыктарын сунуш кылуу.

3. Студенттердин салыштырма талдоо жана сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн уюштуруу шарттарынын натыйжалуулугун

эксперименттен өткөрүп, текшерип, практикалык сунуштарды берүү.

Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыктары:

– XX кылымдын аягы жана XXI кылымдын башындагы Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүүсүнүн негизги багыттары, мыйзам ченемдүүлүктөрү жана тенденциялары мүнөздөлдү;

– Казакстан Республикасында жана башка мамлекеттерде мугалимдерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасынын учурдагы абалындагы методикалык ыкмаларды салыштырып талдоонун натыйжалары сунушталат;

– педагогикалык эксперимент аркылуу студенттердин салыштырма талдоо жана сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүү методикасынын натыйжалуулугу текшерилип, практикалык сунуштар иштелип чыкты.

Алынган жыйынтыктардын практикалык маанили. Изденүүчү тарабынан иштелип чыккан «Салыштырма педагогика» боюнча атайын курстун программасын «Педагогика» дисциплинасына кошумча окуу-методикалык материал катары колдонууга болот. Изилдөөнүн материалдары жана жыйынтыктары концептуалдык ыкмаларды түзүүчүлөр жана иштеп чыгуучулар үчүн азыркы билим берүүнүн актуалдуу маселелерин дүйнөлүк ийгиликтүү тажрыйбаларды, эл аралык кызматташтыкты колдонуу менен чечүүдө пайдалуу болот.

Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:

1. Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын XX кылымдын башы XXI кылымдын аягындагы негизги багыттарын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана тенденцияларын мүнөздөө;
2. Казакстан Республикасындагы жана башка өлкөлөрдөгү мугалимдерди даярдоо системасынын азыркы абалы жана алардын квалифиакиясын жогорулатуунун өнүгүшү, мугалимдик кесипке багыттоо;
3. Студенттердин салыштырма анализ жүргүзүү жана сынчыл ойлом жөндөмдөрүн өркүндөтүү боюнча педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары жана практикалык сунуштар.

Изденүүчүнүн жеке салымы. XX кылымдын аягы жана XXI кылымдын башында Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүүсүнүн негизги багыттары, мыйзам ченемдүүлүктөрү жана тенденциялары аныкталып, мүнөздөлүп, методологиялык ыкмаларды салыштырып талдоонун жыйынтыгында Казакстан Республикасында жана башка өлкөлөрдө мугалимдерди даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу системасы сунушталат. Педагогикалык эксперимент аркылуу окуучулардын салыштырма талдоо жана сыняыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүү методикасынын эффективдүүлүгү текшерилип, практикалык сунуштар иштелип чыкты.

Диссертациянын жыйынтыктарынын апробациясы. Изилдөөнүн жыйынтыктары республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, кеңешмелерде жана семинарларда талкууланып, «Орда» университетинин «Салыштырма педагогика» предмети боюнча 2-курстун

«Педагогика жана психология», «Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы» адистиктери боюнча сабактарда колдонулган (Шымкент ш).

Диссертациянын натыйжаларынын илимий басылмаларда толук жарыяланышы. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары 22 илимий макала (анын ичинде чет өлкөдөн – РИНЦ журналдарына 4 макала, Scopus жана Web of Science маалыматтар базасына кирген нөлдүк эмес импакт-фактору бар эл аралык рецензияланган илимий журналда 3 макала) 1 монография жана 1 окуу-методикалык комплексте (ОМК) чагылдырылды.

Диссертациянын түзүлүшү. Диссертация киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, библиографиядан, тиркемелерден турат. Диссертациянын жалпы көлөмүн 182 бет, 20 таблица, 10 диаграмма, 4 схема, 5 тиркеме түзөт.

ИШТИН ЖАЛПЫ МАЗМУНУ

Киришүүдө маселенин актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, иштин жаңылыгы, илимий жана практикалык мааниси, коргоого коюлган негизги жоболор, изденүүчүнүн жеке салымы аныкталып, изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы, диссертациянын түзүмү жана көлөмү жөнүндө берилет.

«Салыштырма педагогиканын теориялык-методологиялык негиздери» аттуу биринчи бапта чет элдик жана казакстандык эмгектерге ретроспективдүү талдоо жүргүзүүнүн негизинде салыштырма педагогиканын эволюциясынын өзгөчөлүктөрү аныкталып, Казакстан Республикасынын салыштырма педагогиканын өнүгүшүнүн негизги багыттары, мыйзам ченемдүүлүктөрү жана тенденциялары талданып, жалпыланган.

Бул бапта изилдөөдө коюлган биринчи милдеттин чечилиши берилген, салыштырма педагогиканын жалпы теориялык жана методологиялык негиздери көрсөтүлүп, салыштырма педагогикалык изилдөөлөрдүн мазмуну жана негизги ыкмалары, Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын негизги багыттары, мыйзам ченемдүүлүктөрү жана тенденциялары берилген.

Салыштырма педагогика — педагогика илиминин тармагы катары дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндөгү жана аймактарындагы педагогикалык теориянын жана практиканын абалын, өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана тенденцияларын, ошондой эле алардын жалпы тенденцияларынын өз ара байланышын, улуттук жана аймактык өзгөчөлүктөрүн салыштырма планда изилдейт; чет элдик тажрыйбаны колдонуу менен улуттук билим берүү системасын өз ара байытуу формаларын жана ыкмаларын ачып берет. Салыштырма педагогика үчүн объективдүүлүк, татаалдык, ошондой эле конкреттүү тарыхый, маданий, этнопсихологиялык ыкмалар методологиялык жактан маанилүү.

Дүйнөдө салыштырма педагогикалык изилдөөлөрдүн өнүгүшүнүн өзүнүн тарыхы бар. Х1Х кылымдын башы Францияда Парижский Марк Антуан Жюльендин «Салыштырма билим берүү боюнча изилдөөнүн очерки жана белгилөөлөрүнүн» (1817) пайда болушу менен мүнөздөлөт. Дүйнөнүн бардык

компаративисттери тарабынан Жюльен салыштырма педагогиканын да, салыштырма билим берүүнүн да «атасы» катары таанылган (өзгөчө, эл аралык уюмдардын түзүлүшүнүн жарчысы – ЮНЕСКО). Жюльендин кошкон салымы – педагогикалык изилдөөдө салыштырма методдун колдонулушу.

Салыштырма педагогиканы талдоодо методологиялык ыкмалардын комплексин колдонууну эсепке алуу менен биз анын өнүгүүсүндөгү беш негизги этапты белгиледик.

XX кылымдын согуштан кийинки мезгилинде демографиялык процесстер, саясий, экономикалык жана социалдык-маданий факторлор европалык коомдун мындан аркы интернационалдашуусу процесстерине таасирин тийгизет. Өлкөлөрдүн жана элдердин өз ара көз карандылыгы, тынчтыкты коргоо идеясы менен БУУнун (Бириккен Улуттар Уюмунун), Европа Биримдигинин түзүлгөн. Өлкөлөрдүн деколонизациясы, эл аралык экономикалык байланыштар ЮНЕСКОнун, Дүйнөлүк банктын, ЭКӨУнун (Экономикалык Кызматташтык жана Өнүгүү Уюму) түзүлүшүнө өбөлгө түздү. Эл аралык уюмдар ар түрдүү өлкөлөрдүн ортосундагы маданият аралык карым-катыштын туруктуу ыкмасы болуп калды.

Казакстан Республикасында азыркы салыштырма педагогиканын калыптануу процесси XX кылымдын 90-жылдарына туура келет. Совет доорунда чет элдик педагогикалык тажрыйбаны чагылдыруу таптык жана идеологиялык догмалардын, анын биз үчүн кабыл алынгыстыгындагы бейкалыстыктын жана кесиптештердин жетишкендиктерин баалоодогу бир жактуулуктан улам жабылып калган. Ушундан улам Казакстандын компаративисттери бул боштукту толтуруп дүйнөлүк тажрыйбаны объективдүү изилдөө, чыныгы илимий салыштырма педагогиканы түзүү боюнча бир топ иштерди жүргүзүп жатышат.

Казакстан Республикасында XX кылымдын 90-жылдарынын ортосуна чейин салыштырма педагогиканын методологиясынын проблемалары боюнча изилдөөлөр болгон эмес. Салыштырма педагогика боюнча биринчи илимий эмгекти А.Кусаинов «Казакстанда жана Германияда билим берүүнүн өнүгүшү (салыштырма-педагогикалык мүнөздөмө)» деген темада 1996-жылы жарыка чыгарган.

Казакстанда салыштырма педагогиканын маселелерин системалуу илимий изилдөөгө кызыгуу күчөп, үч алдыңкы багытта өнүгүү байкалат.

Биринчи багыт: Салыштырма педагогика боюнча Кеңештин түзүлүшү. А.Кусайиновдун жетекчилиги астында компаративист-окумуштуулар 2005-жылы Казакстандын Педагогикалык Илимдер Академиясында (ПИН) Казакстандын Салыштырма Педагогика Кеңешин (КСПК) түзүшөт. Анын милдеттери салыштырма педагогикалык изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатуу, эл аралык байланыштарды чыңдоо жана кеңейтүү, билим берүү тармагындагы реформалардын сапатын жогорулатууга салым кошуу жана компаративист-окумуштуулардын катарын көбөйтүү болуп саналат.

Экинчи багыт: илимий тармак жана университеттик дисциплина

катары салыштырма педагогиканы бөлүү жана бекитүү. Бул мезгил Казакстанда компаративизмди өнүктүрүүнүн өзгөчө маанилүү багыты болгон, ал окуу программаларын, окуу куралдарын, окуу китептерин даярдоо менен мүнөздөлөт.

А. Кусаинов, демилгечи катары, электрондук түрдө типтүү окуу планын, казак жана орус тилдеринде «Салыштырма педагогиканын негиздери» боюнча окуу-методикалык куралын, «Салыштырма педагогика» аттуу окуу китебин жана «Салыштырма педагогиканын методологиясы жана методикасы» аттуу окуу куралдарын түзүп чыккан.

Казакстан Педагогика илимдер академиясынын алкагында иштеп жаткан, салттуу багыттарды өнүктүрүү жана педагогика илиминин жаңы багыттарын ачып жаткан методикалык илимий мектептердин арасында акыркы он жылдын ичинде алдыңкы орундардын бирин педагогдордун А.Кусаиновдун илимий мектеби татыктуу түрдө ээлеп келет. Бул мектеп чет элдик педагогикалык тажрыйбаны чагылдырууда басымдуу маалымат берүүчү иштен теориялык талдоо жүргүзүүгө, чет өлкөлөрдө билим берүүнүн теориясы менен практикасын өнүктүрүүнүн көйгөйлөрүн жана тенденцияларын аныктоого жана аларды ата мекендик тажрыйба менен салыштырууга өтүү зарылчылыгынан улам пайда болгон:

А. Кусаиновдун илимий мектебинин милдети – салыштырма-педагогикалык изилдөөлөрдү координациялоо, университеттин окутуучуларына, жаш изилдөөчүлөргө илимий-методикалык жардам көрсөтүү, эл аралык байланыштарды кеңейтүү.

Бүгүнкү күндө бул илимий мектеп чет өлкөлөрдө азыркы билим берүүнүн теориясы жана практикасы боюнча негизги академиялык изилдөө борборуна айланып, бир катар фундаменталдык изилдөө долбоорлору ишке ашырылып жатат.

Үчүнчү багыт: Салыштырма педагогика боюнча кандидаттык жана докторлук диссертациялык изилдөөлөрдү ишке ашыруу. Билим берүү системасындагы өзгөрүүлөр башкалардын тажрыйбасын эске алуу жана чет өлкөлүк билим берүү технологияларын өз өлкөсүнө киргизүү зарылдыгын көрсөтүп турат. Ошону менен бирге Казакстан бардык жагынан, анын ичинде билим берүү тармагында да атаандаштыкка жөндөмдүү 30 алдыңкы мамлекеттин катарына кирүүгө ниеттенип жатканына байланышат.

Салыштырма педагогикалык изилдөөлөрдүн алгылыктуу милдети болуп ар түрдүү өлкөлөрдө тарбиялоо, окутуу, билим берүү жана билим берүү системаларын башкаруу тармагындагы мыйзам ченемдүүлүктөрдү ачуу болуп саналат.

Диссертациялык анализ, салыштырма педагогикалык изилдөөлөр Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүүсүнүн төмөнкү мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө кээ бир тыянактарды жасоого мүмкүндүк берди:

– билим берүүнүн эволюциясы изилденип жаткан өлкөлөрдүн жана аймактардын социалдык-экономикалык, саясий жана маданий өнүгүүсүнүн

фонунда каралат;

– ар түрдүү маданияттардын өз ара карым-катышы жана өз ара баюу процесстеринин өнүгүшү, ошондой эле көбүнчө курч мүнөзгө ээ болгон алардын тирешүүсү билим берүү жана тарбиялоо практикасына түздөн-түз байланыштуу жаңы мыйзам ченемдүүлүктөрдү пайда кылат;

– улуттук кызыкчылыктын чегинен чыккан жана жалпы адамзаттык маниге ээ болгон маселелердин чөйрөсүн кеңейтүү;

– билим берүү системасындагы жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү: билим берүүнү демократиялаштыруу, гумандаштыруу жана гуманитарлаштыруу, адеп-ахлактык жана атуулдук тарбиялоонун жаңы формаларын, окуунун мазмунун жана методдорун жаңыртууга көңүл буруу.

Кандай гана локалдык маселе түздөн-түз изилдөө объектиси болуп саналбасын, глобалдык тенденцияларды мүнөздөө, инварианттарды аныктоо жана талдоо өзгөчө маниге ээ. Ансыз дүйнөдөгү билим берүүнүн реалдуу өнүгүү процесси жөнүндө туура түшүнүк алуу мүмкүн эмес, ал эми тигил же бул өлкөнүн же аймактын өзгөчөлүктөрү менен байланышкан кээ бир терс таасирлер жалпы үлгү катары жаңылышы мүмкүн.

Азыркы мезгилде билим берүүнүн өнүгүшүнө дүйнөлүк коомчулукта болуп жаткан ааламдашуу процессинен, маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүшүнөн баштап рыноктук мамилелерге чейинки ар кандай процесстер олуттуу таасир этип жатат.

Казакстан Республикасында салыштырма педагогиканын азыркы мезгилдеги өнүгүү тенденциясы анын методологиялык негиздерин интенсивдүү өнүктүрүү менен байланышкан, т.а., өнүккөн өлкөлөрдө билим берүү жана тарбиялоо реформаларын талдоо, алардын жүрүшүндө келип чыккан натыйжалар жана маселелер ишке ашыруу, салыштырма педагогикалык изилдөөлөрдүн болжолдуу багытын өнүктүрүүнү күчөтүү менен негизделет.

«Изилдөөнүн материалы, методдору, салыштырма методдордун колдонулушу» аттуу экинчи бапта изилдөөнүн экинчи милдетин изилдөөгө арналган. Бул бөлүмдө салыштырма педагогикалык изилдөөнүн методдорунун комплекси жана аларды колдонуунун өзгөчөлүктөрү, республикадагы мугалимдерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуунун методологиялык ыкмаларын салыштырып талдоонун натыйжалары, Казакстан жана башка мамлекеттерде студенттердин салыштырма анализ жана сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүү методологиясы жана Казакстан Республикасынын жана башка мамлекеттердин жождорунда окуу процессинде колдонуу көрсөтүлөт.

Изилдөөнүн объектиси – илимий билимдин өзүнчө тармагы болгон салыштырма педагогика илими.

Изилдөө предмети – Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүү тенденциялары.

Иште коюлган милдеттерди чечүү — төмөнкү методдордун комплекстерин тандап алуу үчүн негиз болду.

Сыпаттама методу педагогикалык кубулуштардын тышкы белгилерин,

мүнөзүн сыпаттоо үчүн колдонулган. Анализ кылууда негизги талаптар тактык, объективдүүлүк, топтолгон маалыматтар, фактылардын системазиациясы болуп саналат.

Статистикалык метод салыштырылып жаткан объектилердин алынган сандык көрсөткүчтөрүнүн анализи үчүн колдонулду. Белгилей кетсек, бул методдун колдонулушу кээ бир татаалдыктар менен коштолот, б.а., эгер биз тигил же бул өлкөнүн билим берүүсүнүн өнүгүшүн карасак, сандык өсүш дайыма эле позитивдүү өзгөрүүлөрдүн көрсөткүчү болуп саналбайт, экинчиден, казакстандык статистикалык маалыматтар жана параметрлер эл аралык салыштырууга туура келбейт.

Тарыхый метод билим берүү системасынын калыптанышын терең түшүнүү, педагогикалык ой жүгүртүүнүн жана ишмердүүлүк тарыхынын өнүгүшүн изилдөө үчүн колдонулду.

Социологиялык метод коомдун жана уюмдардын талаптарынын ортосундагы дал келүүнү аныктоо үчүн зарыл болду. Бул метод ошол шайкештикти аныктайт.

Салыштырма метод – салыштырма педагогикадагы негизги метод. Көпчүлүк учурда мамлекеттердеги билим берүүнүн өнүгүүсүн салыштыруу, жалпы жана ар түрдүү жактарын табуу үчүн «Венн диаграммасы» методун колдондук. Бул метод колдонууга абдан ыңгайлуу жана ийкемдүү болуп, изилдөөдө биринчи кадам салыштырылган объекттердин көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу болуп саналат.

Илимий изилдөө методдорун колдонуу белгиленген маселенин тереңдигине жараша болот. Биздин изилдөөбүздүн контекстинде биз билим берүүнүн өнүгүүсүнүн төмөнкү аспектилерин салыштырма анализдин чегинде кароону туура көрдүк:

1. Казакстан Республикасында жана башка мамлекеттерде мугалимдерди даярдоонун жана квалификациясын жогорулатуунун өзгөчөлүктөрүн, методикалык ыкмаларын салыштырып талдоонун жыйынтыгы;
2. Студенттердин сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүү үчүн жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнө анализ жана Казакстандагы жана башка мамлекеттердеги студенттердин салыштырма анализи.

Системаларды салыштырып талдоо аркылуу билим берүү системасын реформалоо процессиндеги терең маселелерди көрсөтүү маанилүү болду. Бул үчүн башка өлкөлөрдүн билим берүү системасынын мыйзамдарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүү үчүн фактылык материалдарды чогултууну камтыган сыпаттоо ыкмасы колдонулду. Илимий изилдөө методдорун колдонуу менен биз көптөгөн жалпы мүнөздөмөлөргө карабастан, белгилүү бир билим берүү системасынын уникалдуулугун белгилей алдык. Салыштырма педагогикалык изилдөөнүн натыйжасында алынган маалыматтарды жалпылап, натыйжалар Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүүсүнүн кызыктуу тенденцияларын аныктоого мүмкүндүк берет, аларды практикага киргизүү билим берүү системасынын натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет деп айта алабыз.

Ар кайсы өлкөлөрдө педагогикалык адистиктер боюнча кадрларды даярдоого жана квалификациясын жогорулатууга, кесипке багыт берүүгө усулдук мамилелерди салыштырып талдоо алдыңкы мугалимдерди окутуунун жана даярдоонун ролун жогорулатуу мамлекеттик стратегиянын бир бөлүгү экендигин, мугалимдик билим берүүнүн көп кылымдык салтка ээ экендигин көрсөтөт.

Казакстанда жана башка мамлекеттерде мугалимдерди даярдоо системасына педагогикалык анализ жүргүзүү фундаменталдык билимдердин артыкчылыктуулугун, илим-билим-практиканын интеграциясын, кесиптик даярдоонун максаттарынын жана милдеттеринин илим жана техникалык прогресстин өнүгүү деңгээлине шайкештигин көрсөткөн жалпы тенденцияларды аныктады..

Жалпы орто билим берүүнүн милдеттүү стандартынан (2014-ж.) жана Мугалимдердин билим берүү стандартынан (2018-ж.) баштап Казакстан Республикасынын Мамлекеттик стандарттарын талдоонун жыйынтыгы сынчыл ой жүгүртүү жөндөмү жалпы орто жана жогорку билим берүүнүн мазмунунда негизги баалуулуктар катары аныкталганын көрсөттү.

Жалпы орто билим берүүнүн максаты болуп төмөнкүлөр саналат: «Студенттердин жождо үзгүлтүксүз билим алууга академиялык даярдыгын камсыз кылуу жана көндүмдөрдүн кеңири спектрин өнүктүрүүнүн негизинде кесиптик жактан багыт алуу үчүн ыңгайлуу билим берүү мейкиндигин түзүү.

1) билимди функциялык жактан жана чыгармачылык менен колдонуу;

2) сынчыл ойлом ж.б.

Билим берүүнүн мазмуну окутуунун натыйжаларына багытталып, төмөнкү аспектилерди эске алуу менен аныкталат:

1) азыркы коомдун динамикалык талаптарына жана илимдин өнүгүү деңгээлине шайкеш келүү;

2) сынчыл, чыгармачыл жана позитивдүү ой жүгүртүүнү өнүктүрүү;

Бирок кесиптик педагогикада жогорку окуу жайларынын студенттеринин сынчыл ой жүгүртүүсүн калыптандыруу маселелери өтө начар изилденип, атайын бөлүнгөн эмес. Натыйжада болочок адистер өз ойлорун жана идеяларын рационалдуу түзө алышпайт, тездик менен өсүп жаткан маалымат агымында тез багыт ала алышпайт жана туура нерсени таба алышпайт, алынган маалыматты түшүнүп, колдоно алышпайт.

Бүгүнкү күндө Казакстан Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнөн жаңы кесиптикк ой жүгүртүү, жогорку мобилдүүлүк, компетенттүүлүк, толеранттуулук, топ ичиндеги иш-аракеттерге ыңгайлашуу жана башкалар талап кылынат. Көрсөтүлгөн талаптар жождун студенттеринин кесиптик компетенттүүлүгүнүн ажырагыс бөлүгү болгон талдоо жана сынчыл ой жүгүртүүсүн калыптандыруу жана өнүктүрүү менен байланышат. Бул көндүмдөрдүн жетишээрлик деңгээлде калыптанышы менен гана студенттер мындан аркы кесиптик ишмердүүлүгү үчүн перспективаларды ачышат, университеттин бүтүрүүчүсүнөн өз ара аракеттенүү жана кызматташуу

көндүмдөрү менен жөндөмүнө ээ болгон өз алдынчалык, чыгармачылык менен ойлонуучу ишмердик субъектине айлантууну талап кылат.

Акыркы 5-10 жылда студенттердин сынчыл ойломун калыптандыруу маселесине казакстандык (М.И. Карагозина, Д.У Кусаинов, С.А. Мирсеитова, Н.Т Оспанова, А.А. Ташетов), кыргызстандык (Ж.Д. Асекова, Т.М. Буйских, И.П. Валькова, Н.П. Задорожная, И.А. Низовская, Т.А. Матохина, М.М. Эсенгулова ж.б.) жана орусиялык (В.А. Болотов, А.В. Бутенко, А.В. Коржуев, В.А. Попков, Г.Б. Сорина, Д.М. Шакирова, Л.И. Шрагина ж.б.) окумуштуулар көңүл бура башташты.

Азыркы учурда сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүн калыптандыруу адистигине карабастан университеттин бүтүрүүчүсү үчүн зарыл, бирок ал менеджерлер, мугалимдер, психологдор, саясат таануучулар, дарыгерлер, маркетологдор жана инженерлер үчүн өзгөчө маанилүү. Сынчыл ой жүгүртүү жөндөмү натыйжалуу чечимдерди кабыл алууга, идеяларды жаратууга жана кесиптик ишмердүүлүктө жаңы технологияларды түзүүгө өбөлгө түзөт. Ошондуктан, келечекте билим берүүнүн приоритеттүү милдеттеринин бири, биздин оюбузча, эффективдүү ой жүгүртүүнүн, өзүн-өзү таануунун жана чындык кубулушуна баа берүүнүн каражаты катары конструктивдүү сынды жана өзүн-өзү сындоону өнүктүрүү болуп саналат.

«Педагогикалык эксперименттин мазмуну, уюшулушу, жыйынтыктары жана анын анализи» аттуу үчүнчү бапта изилдөөнүн үчүнчү милдетинин чечилиши берилет, педагогикалык экспериментти жыйынтыгы боюнча уюштуруу жана анализжүргүзүү сунушталат.

Биздин изилдөөбүздө диагностиканын объектиси болуп жождун студенттеринин салыштыруу жана сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүү саналат. Бул көндүмдөрдү диагностикалоо маселеси азыркы дүйнөдө адамдын калыптанышы жана анын кесиптик иштеши үчүн экономикалык чөйрөнүн татаалдашына байланыштуу жогорку билим берүү алдында турган милдеттер менен актуалдуу болуп саналат.

Педагогикалык эксперимент карым-катыштагы этаптардан туруп, эксперименттин программасы үч этапты камтып, төмөнкүдөй түзүлдү

1-этап: констациялык эксперимент;

2-этап: калыптандыруучу эксперимент;

3-этап: көзөмөлдөөчү (аналитикалык-жалпылоочу) эксперимент.

Биринчи констациялык этапта (2011-2013-жж.) окуучулардын салыштырма талдоо жана сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн калыптандыруу деңгээлин аныктоо үчүн компоненттер аныкталган, аныкталган көндүмдөрдүн диагностикалык ыкмаларына талдоо жүргүзүлүп, көрсөткүчтөр жана көндүмдөрдүн деңгээли иштелип чыккан. Педагогикалык факультеттин 2-курсунун студенттеринин арасында диагностикалык баалоо жүргүзүлүп, 6 тайпа катышып, жалпы саны 150 студент болуп, жыйынтыгы чыгарылды.

Экинчи калыптандыруучу этапта (2014-2015-жж.) “Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү” методикасын колдонуу менен атайын «Салыштырмал педагогика» курсу иштелип чыккан. Методикаларды

эффективдүү колдонулушун аныктоо үчүн бул этаптын программасы иштелип чыккан. Жыйынтыктар талдоого алынып, эки кафедранын студенттеринин жана окутуучуларынын ишмердүүлүгүнө баа берилди.

Үчүнчү көзөмөлдүк этаптагы (2015-2016-жж.) педагогикалык эксперимент алынган жыйынтыктардын системасына арналган. Натыйжалар жалпыланган, жыйынтык жазылган.

Педагогикалык эксперимент Шымкент шаарындагы Эл аралык Silkway университетинде (азыркы Орда университети) жүргүзүлүп, башталгыч билим берүү педагогикасы факультетинин 2-курсунун «Педагогика жана психология», «Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн жана тарбиялоонун методикасы» адистиктери боюнча билим алып жаткан студенттер катышты. Биз окуучулардын салыштырма анализ кылуу жана сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүү структурасын когнитивдик, мотивациялык, рефлексиялык, коммуникативдик деп аталган төрт компонентинин айкалышын аныктадык:

1) Когнитивдик компонент негизги когнитивдик функцияларды – кабыл алуу, эс тутум, көңүл буруу, ой жүгүртүүнү ишке ашырууда көрүнүп, университеттик билим берүү процессинде студенттер өздөштүргөн кесиптик көндүмдөрдүн жана билимдердин жыйындысын камтыйт. Сынчыл ойлом анын негизги компоненти болуп саналат.

2) Мотивациялык-ишмердүүлүк компонент кесиптик ишмердүүлүктүн туруктуу мотивинин болушун, кесиптик максаттарга жетүү каалоосун билдирет. Бул компонент активдүүлүк, максатка умтулуу жана студенттин кесиптик компетенцияларды өздөштүрүүгө болгон мотивациясы сыяктуу маанилүү сапаттар аркылуу көрүнөт.

3) Рефлексивдик компонент студенттин «мен-реалдуу» жана «мен-потенциалын» корреляциялоо жөндөмүндө көрүнөт, бул субъективдүүлүктүн калган компоненттери менен корреляцияга жол ачат. Бул компонент рефлексивдүүлүк, өзүн-өзү уюштуруу жана өзүн-өзү башкаруу сыяктуу кесиптик маанилүү сапаттар аркылуу көрүнөт.

4) Коммуникативдик компонент студенттин кесиптик субъективдүүлүгү өз ара байланышты жана конструктивдүү мамилелерди камсыз кылуучу коммуникативдик жүрүм-турумун компетенттүү түзө билүүсү аркылуу ишке ашат.

Ар бир аталган компонентти жана курамына кирген кесиптик маанилүү жеке сапаттарды изилдөө үчүн диагностикалык каражаттар тандалып алынды. Когнитивдик компоненттин калыптануу деңгээлин аныктоо үчүн эки бөлүктөн турган автордук анкета пайдаланылды: биринчи бөлүк — билим, бул түшүнүктүн маңызын аныктайт, сынчыл ойлом жөндөмүн түшүнүү, маселени чечүү, анын ичинде ой жүгүртүп окуу. окулганды талдоо жана ой жүгүртүү, ал эми экинчи бөлүк идеяларды так жана кыска уюштуруу, аларды жазуу жүзүндө натыйжалуу жеткирүү жөндөмүн аныктайт.

Иштелип чыккан көрсөткүчтөр менен диссертациялык изилдөөдө таанышууга болот.

Белгиленген көрсөткүчтөргө ылайык студенттердин сынчыл ойлом деңгээлинин калыптанышынын аныкталышы 3.1-таблица көрсөтүлдү.

Таблица 3.1. – Сынчыл ойлом жөндөмүнүн калыптануу деңгээли

Деңгээлдер	**Мазмуну**
Төмөнкү деңгээл	Тапшырмаларды аткаруу процессинде өз алдынчалыктын төмөн деңгээли менен мүнөздөлөт. Чыгармачылык жөндөм сейрек байкалат. Рефлексиялык көндүмдөр начар өнүккөн (өзүн-өзү баалабоо же өзүн кароо, өзүнүн иш-аракетине, анын ичинде психикалык иш-аракеттерге сырттан баа берүү, өзүнүн психикалык ишмердүүлүгүндөгү катаны байкай албоо). Окуучунун бул деңгээлдеги иш-аракети операциялык ишмердүүлүк аспектисинде гана маңыздуу болот. Мазмундук аспектиде сынчыл ой жүгүртүүнүн көрүнүшүнүн структурасын жана ченемин түшүнбөй калышы мүмкүн.
Ортоңку деңгээл	Тапшырмаларды аткаруу процессинде жетишерлик жогорку деңгээлдеги өз алдынчалыктын көрүнүшү менен мүнөздөлөт. Көпчүлүк учурда студент чыгармачылык менен ойлоно алат. Рефлексиялык жөндөмдөр өнүкөн. Иш-аракет операциялык-ишмердүүлүк аспектисинде маниге ээ. Мазмуну жагынан сынчыл ой жүгүртүүнү жакшы түшүнбөй калышы мүмкүн. Студент кызыкдар болсо, жетишпеген маалыматты таба алат, логикалык тыянактарды чыгарып, аны баалай алат, бирок алардын ырааттуулугун дайыма эле баалай албай калтат. Студент тексттин мазмунуна рефлексивдүү баа берүүдө, ашыкча маалыматтын фонунда негизги маалыматты табууда дайыма эле (кээде) ийгиликке жете бербейт.
Жогорку деңгээл	Тапшырмаларды аткаруу процессинде у өз алдынчалыктын жогорку деңгээинин болушу менен мүнөздөлөт. Студент жогорку чыгармачылыгы менен айырмаланат. Талкууда ал оппонентти өз көз карашына көндүрө алат. Рефлексиялык көндүмдөр өзүн-өзү адекваттуу талдоо, көйгөйлүү тапшырманы аткарууда жеке же топтук иш учурунда өзүнүн ой процесстерин жана жүрүм-турумун объективдүү баалоо үчүн жетиштүү деңгээлде өнүккөн. Ишмердүүлүк маңыздуу мүнөздө болот. Студент жетишпеген жана кызыктуу маалыматты оңой табат, логикалык корутундуларды жасайт жана баалайт, жыйынтыктардын ырааттуулугун баалайт, тексттин мазмунуна рефлексивдүү баа берет, ашыкча маалыматтын фонунда негизги маалыматты табат.

Белгилүү бир адистик боюнча окууга, көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү

өздөштүрүү үчүн мотивациянын жоктугу студенттин окуу ишинин эффективдүүлүгүн олуттуу төмөндөтүшү мүмкүн, бул өз кезегинде адистин (биздин контекстте, салыштырма педагогика тармагында) калыптанышына таасирин тийгизет.

Окуучулардын билим берүү мотивациясынын деңгээлин аныктоочу диагностикалык материалдарды издөө процессинде көптөгөн методдор белгиленген. Биздин изилдөөбүздө окуучулардын билим берүү мотивациясынын багытын аныктоодо эң ылайыктуу диагностикалык материал — билим берүү мотивациясынын багытын диагностикалоо методу саналат.

Т.А. Дубовицкаянын методикасынын максаты — окуучулар конкреттүү предметтерди окуганда ички мотивациясынын өнүгүү багытын жана деңгээлин ачып көрсөтүү.

Рефлексивдүү компоненттин калыптануу деңгээлин аныктоо үчүн окуучулардын салыштыруу жөндөмүнүн калыптанышын кароо маанилүү болду. Биз көндүмдөрдүн өнүгүү деңгээлин аныктоо үчүн рефлексивдүү белгилөөлөрдү колдондук. Студенттер рефлексия суроолоруна жооп берүү аркылуу өздөрүнүн жөндөмдөрүн баалашты.

Коммуникативдик компонентти аныктоодо биз пикир алышуу сыяктуу кесиптик маанилүү сапаттардын чагылдыруу деңгээлин аныктоо үчүн диагностикалык материалды тандап алдык.

Студенттердин пикир алышуу жөндөмүнүн калыптанышынын диагностикасы Ю.М. Орловдун «Пикир алышуудагы талаптар» аттуу методикасынын жардамы менен ишке ашты. Автор пикир алышуунун төмөнкү, орто жана жогорку даражасын бөлүп көрсөтөт.

Жүргүзүлгөн констациялык эксперимент төмөнкүдөй натыйжаларды берди: а) окутуучулар студенттердин сынчыл ойломун жана салыштырма талдоо жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү берет; б) сынчыл ойломдун негизги обочолонгон компоненттеринин диагностикасы жүргүзүлүп, көндүмдөрдү өнүктүрүүнүн жетишсиз деңгээли көрсөтүлдү.

Констациялык эксперименттин натыйжалары изилдөөнүн кийинки калыптандыруучу этабына негиз болду. Педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу этабында «Орда» (Шымкент) университетинин педагогика факультетинин 2-курсунун студенттери «Салыштырмалуу педагогика» атайын курсу боюнча сыноодон өтүштү. «Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ойломду өнүктүрүү» ыкмасын колдонууда оң динамика байкалды.

Эксперименттин мындай натыйжалары жагымдуу чөйрөнү түзүү жана окутуу процессинде окутуучунун фасилитациясын өнүктүрүү аркылуу алынды деп айта алабыз. Дал ушул чөйрө жана инсандык сапаттар ички мотивациянын өсүшүнө, сынчыл ойломдун жана салыштырма талдоо жөндөмүнүн өнүгүшүнө, окуучулардын баарлашуусуна шарт түздү.

Педагогикалык эксперименттин контролдук этабынын жыйынтыгы сынчыл ойломдун 4 компонентине ылайык түзүлдү. Аныктоо этабында алынган биринчи натыйжаны текшерүү этабында кайталанган диагностиканын натыйжалары менен салыштыруу оң тенденцияны көрсөттү.



Диаграмма 3.1. Эксперименттин башталышында жана аягында салыштырма анализдин жыйынтыктары.

Биз үчүн студенттердин ички же тышкы мотивациясын өнүктүрүү боюнча жыйынтыктоочу текшерүүчү баалоонун жыйынтыгы маанилүү болду. Студенттердин ички жана тышкы мотивациянын аныктамасы боюнча берген жоопторун талдап, биз төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик: калыптандыруучу эксперименттен кийин окуучулардын 38%да сырткы мотивация пайда боло баштаган, ошол эле учурда ички мотивациялуу студенттердин саны 62%га көбөйгөн.. Алынган натыйжалар 3.2-диаграммада чагылдырылды.



Диаграмма 3.2. Ички жана тышкы мотивациянын аныкталышы.

Калыптанган эксперименттин натыйжалары төмөнкүдөй жыйынтыктарды берди:

– студенттердин 27,7% ички мотивациясы жогорку деңгээлде;

– студенттердин 50,3% ички мотивациясы ортоңку деңгээлде;
– студенттердин 22% ички мотивациясы төмөнкү деңгээлде.



Диаграмма. 8. Эксперименттин башталышында жана аягында студенттердин ички мотивациясынын деңгээлинин аныкталышы

Эксперименттин текшерүүчү жалпылоо этабында студенттердин ички мотивациясы жогорку деңгээлде калыптангандыгы анык болду.

Студенттердин пикири боюнча, ар бир окуган предмет боюнча пайдалуу деген темада анализ жасай башташкан жана ошону менен алар изилденүүчү предметке карата мотивация алышкан. Салыштырма анализ кылуу көндүмүнүн калыптануу деңгээлин аныктоо үчүн текшерүү студенттердин рефлексиялык белгилерин изилдөө аркылуу ишке ашты. Студенттер өз алдынча иштерди аткаруу, сабак учурундагы иш-аракеттер салыштырма анализ жүргүзүү жөндөмүн өнүктүрүүгө кандай өбөлгө түзгөнүн көрсөтүштү. Рефлексиялык белгилөөлөр аргументацияны колдонуу менен жазылган.



Диаграмма 3.3. Эксперименттин аягында салыштырма анализ жөндөмүнүн калыптанышы.

Салыштырма анализ жүргүзүү көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн иш-аракеттерди уюштуруунун жамааттык жана жеке формаларын колдонуу маанилүү деп айта алабыз. Салыштырма анализге үйрөтүү процессинин эффективдүүлүгү негизинен салыштыруу көндүмдөрүн калыптандыруунун ырааттуулугу канчалык толук эске алынгандыгы менен аныкталат.

Студенттердин пикир алышуу жөндөмдөрүнүн калыптанышынын диагностикасы Ю.М. Орловдун «Пикир алышуудагы талаптар» аттуу методикасы аркылуу ишке ашты. Автор пикир алышуунун төмөнкү, орто жана жогорку даражасын бөлүп көрсөтөт

Предметтик сабактарга үзбөй катышуу студенттердин коммуникациялык көндүмдөрүн, өз оюн билдирүү жана аудитория менен сүйлөшүү жөндөмүн жакшыртууга жардам берди (4-диаграмманы караңыз). Студенттердин иштерине байкоо жүргүзүү менен бул компоненттин жыйынтыгы негизгилердин бири болгон студенттик моделди иштеп чыктык.



Диаграмма 3.4. Эксперменттин аягында студенттердин коммуникациясынын деңгээли.

Жыйынтыктап айтканда, педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу жана текшерүүчү баскычтары кээ бир жалпы жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

1. Мотивациялык деңгээли жогору болгон окуучулар сынчыл ой жүгүртүү жөндөмдөрүн көрсөтүүгө мүмкүндүк берүүчү методдорго жана ыкмаларга көбүрөөк кызыгышты.

2. Биздин көз карашыбыз боюнча, “Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ойломду өнүктүрүү” методикасынын потенциалы “Салыштырма педагогика” атайын курсун апробациядан өткөрүү учурунда ачык байкалып, педагогдорду даярдоодо окуу процессинде кеңири колдонулушу мүмкүн.

3. Атайын курсту окуу студенттерде сынчыл ойломду жана салыштырма анализ кылуу көндүмдөрүн гана эмес, инсандын активдүүлүк, өз алдынчалык, демилгелүүлүк жана чыгармачылык менен иштөө сыяктуу башка маанилүү сапаттарын да калыптандырууга жардам берди.

Педагогикалык эксперименттин бардык этаптарында биз окутуучунун исандыкка багытаган, жагымдуу чөйрөнү түзүүгө жана окуу процессинде

студенттерге көмөк көрсөтүүсүн өнүктүрүүгө көңүл бурганыбызды белгилегибиз келет. Студенттердин ички мотивациясынын, ой жүгүртүүсүнүн, баарлашуусунун өсүшүнө окутуучунун дал ошол жагымдуу чөйрөсү жана жеке сапаттары түрткү болгон.

ЖЫЙЫНТЫКТАР

Азыркы мезгилде билим берүү маселелерине болгон кызуугу артып бара жатат. Мындай кызыгуу XX кылымда жеке мүнөздөгү бардык маселелер жана карама-каршылыктар глобалдык мүнөзгө айланган адам эволюциясында өзгөчө чек болгондугу менен байланышат. Билим берүүнүн модернизациясында салыштырма изилдөөлөр чоң роль ойнойт. Мындай изилдөөлөрдүн натыйжасында казакстандык билим берүү позитивдүү дүйнөлүк тажрыйбаны изилдөөгө, адаптациялоого, колдонууга жана өлкөнү өнүгүүнүн сапаттык жаңы этабына алып чыга ала турган улуттук билим берүү системасын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк алат.

Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүшүнүн азыркы абалын талдоо, ошондой эле студенттердин салыштырма анализ жана сынчыл ойлом көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча педагогикалык эксперименттин натыйжалары төмөндөгүдөй **жыйынтыктарды** чыгарууга мүмкүндүк берди:

1. Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнүн жана элдеринин өз ара байланышынын жана көз карандылыгынын өнүгүп жаткандыгына байланыштуу Казакстан Республикасындагы билим берүү системасынын өнүгүшүн дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин өнүгүү процесстеринен жана тенденцияларынан бөлүп кароого болбойт. Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүшүнүн төмөнкүдөй үч багыты аныкталды:

1) Салыштырма педагогика боюнча Кеңештин түзүлүшү.

2) Салыштырма педагогика илимий тармак жана университеттик дисциплина катары бөлүнүп, бектилиши;

3) Салыштырма педагогика боюнча кандидаттык жана докторлук диссертациялык изилдөөлөрдүн ишке ашуусу;

Салыштырма педагогика боюнча диссертацияларды талдоо менен Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүүсүнүн төмөнкү мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө кээ бир тыянактарды жасоого мүмкүндүк берди:

– билим берүүнүн эволюциясы изилденип жаткан өлкөлөрдүн жана аймактардын социалдык-экономикалык, саясий жана маданий өнүгүүсүнүн фонунда каралат;

– ар түрдүү маданияттардын өз ара карым-катышы жана өз ара баюу процесстеринин өнүгүшү, ошондой эле көбүнчө курч мүнөзгө ээ болгон алардын тирешүүсү билим берүү жана тарбиялоо практикасына түздөн-түз байланыштуу жаңы мыйзам ченемдүүлүктөрдү пайда кылат;

– улуттук кызыкчылыктын чегинен чыккан жана жалпы адамзаттык маниге ээ болгон маселелердин чөйрөсүн кеңейтүү;

- билим берүү системасындагы жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү: билим берүүнү демократиялаштыруу, гумандаштыруу жана гуманитарлаштыруу,

адеп-ахлактык жана атуулдук тарбиялоонун жаңы формаларын, окуунун мазмунун жана методдорун жаңыртууга көңүл буруу

Казакстан Республикасында салыштырма педагогиканын азыркы мезгилдеги өнүгүү тенденциясы анын методологиялык негиздерин интенсивдүү өнүктүрүү менен байланышкан, т.а., эң өнүккөн өлкөлөрдө билим берүү жана тарбиялоо реформаларын талдоо, алардын жүрүшүндө келип чыккан натыйжалар жана маселелер ишке ашыруу, салыштырма педагогикалык изилдөөлөрдүн болжолдуу багытын өнүктүрүүнү күчөтүү менен негизделет

2. Ар кайсы мамлекеттердеги педагогикалык адистиктер боюнча кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасынын усулдук ыкмаларын салыштырып талдоо, окутуунун жана алдыңкы мугалимдерди даярдоонун ролун жогорулатуу мамлекеттик стратегиянын бир бөлүгү экенин, мугалимдик билим берүүнүн көп кылымдык тарыхы бар экенин көрсөтүп турат. Казакстанда жана башка өлкөлөрдө (Кыргыз Республикасы, Россия, Англия, АКШ, Сингапур) мугалимдерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасы фундаменталдык билимдердин артыкчылыктуулугун, илим-билим-практиканын интеграциясын жана кесиптик даярдоонун максаттарынын адекваттуулугун көрсөткөн жалпы тенденцияларга ээ.

3. Педагогикалык эксперимент үч этап менен жүргүзүлүп, студенттердин салыштырма анализ жүргүзүү жана сынчыл ойлом көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн «Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ойломду өнүктүрүү» ыкмасын колдонуунун натыйжалуулугун текшерүүгө мүмкүндүк берди. Студенттердин салыштырма анализ кылуу жана сынчыл ойлом көндүмдөрүн калыптандырууну текшерүү үчүн сынчыл ойлом көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн компоненттери, көрсөткүчтөрү, деңгээли иштелип чыгып, диагностикалык методдор тандалып алынды. Педагогикалык эксперименттин текшерүү этабынын жыйынтыгы сынчыл ойломдун 4 компонентине ылайык чыгарылды.

Тактоо стадиясында биринчи натыйжаны текшерүү этабында кайталанган диагностиканын натыйжалары менен салыштыруу оң динамиканы көрсөттү. Студенттер төмөнкүдөй жыйынтыктарды көрсөтүштү: окуучулардын 12%ы когнитивдик компоненттин жогорку деңгээлин көрсөтүштү, башкача айтканда, билимге жана сынчыл ойломду түшүнүүгө жетишүү 4%га өстү, мотивациялык – ички мотивация 68% көрсөттү. Рефлексивдүү жана коммуникативдик компоненттер 20% өскөнүн көрсөттү, биздин оюбузча, бул жыйынтык окуучулардын көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн оң динамикасын белгилейт.

ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. «Педагогика» дисциплинасынын мазмунуна Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүшүнүн маанилүү мыйзам ченемдүүлүктөрү менен өнүгүү тенденцияларынын жыйынтыктарын киргизүү керек.

2. Педагогикалык багыттагы мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курстарына «Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ойломду өнүктүрүү» методикасын колдонуу менен иштелип чыккан «Салыштырма

педагогика» атайын курсу киргизилсе жакшы натыйжа болот.

3. Изилдөөнүн жыйынтыктарын салыштырма педагогикалык жана билим берүү боюнча эл аралык кызматташтык багытында курстук жана квалификациялык иштерди жазууда колдонсо болот.

Чинибаева Гульнара Дуйсековнанын «Казахстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүшү» аттуу темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнүн

РЕЗЮМЕСИ

Негизги сөздөр: салыштырма педагогика, өнүгүү, компоративистика, интеграция, глобализация, анализ, салыштыруу, сынчыл ойлом, аналитикалык ой жүгүртүү, жалпылоо, модернизация, реформа.

Изилдөө объектиси: салыштырма педагогика – илимий билимдин өзүнчө тармагы.

Изилдөөнүн предмети: Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүү тенденциялары.

Изилдөөнүн максаты - Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканы өнүктүрүүнүн негизги багыттарын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана тенденцияларын аныктоо, жождун студенттеринин салыштырма анализ кылуу жана сынчыл ойлом көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн уюштуруучулук шарттарды иштеп чыгуу жана аларды университеттин окуу процессинде эксперименттик текшерүүдөн өткөрүү.

Изилдөөнүн методдору: ыкмалары: илимий булактарды талдоо; системалык анализ; жалпылоо; классификация; педагогикалык тажрыйбаны изилдөө жана жалпылоо, сыпаттоо, статистикалык, тарыхый, социологиялык, салыштырма, аналитикалык методдор, синтез, абстракция, индукция, дедукция.

Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы:

XX кылымдын аягында жана XXI кылымдын башында Казакстан Республикасындагы салыштырма педагогиканын өнүгүүсүнүн негизги багыттары, мыйзам ченемдүүлүктөрү жана тенденциялары мүнөздөлөт; Казакстан Республикасындагы жана башка мамлекеттердеги мугалимдерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасынын учурдагы абалына методикалык ыкмаларды салыштырып талдоонун натыйжалары сунушталды; педагогикалык эксперимент аркылуу студенттердин салыштырма анализ кылуу жана сынчыл ойлом көндүмдөрүн өнүктүрүү методикасынын натыйжалуулугу текшерилип, практикалык сунуштар иштелип чыкты.

Колдонуу деңгээли же колдонуу боюнча сунуштар. Изденүүчү тарабынан иштелип чыккан «Салыштырма педагогика» боюнча атайын курстун программасын «Педагогика» сабагынын мазмунун толуктоодо кошумча окуу-методикалык материал катары колдонууга болот. Изилдөөнүн материалдары жана натыйжалары дүйнөлүк позитивдүү тажрыйбаны жана эл аралык кызматташтыкты колдонуу менен азыркы мезгилдеги билим берүүнүн актуалдуу маселелерин чечүүнүн концептуалдык ыкмаларын түзүүчүлөр жана иштеп чыгуучулар үчүн да пайдалуу болот.

Колдонуу чөйрөсү. Жождордунун билим берүү процессинде, Казакстан жана Республикасындагы жана башка мамлекеттердеги мугалимдерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасында колдонулат.

РЕЗЮМЕ

диссертационного исследования Чинибаевой Гульнары Дуйсековны на тему «Развитие сравнительной педагогики в Республике Казахстан» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования

Ключевые слова: сравнительная педагогика, развитие, компоративистика, интеграция, глобализация, анализ, сравнение, критическое мышление, аналитическое мышление, обобщение, модернизация, реформа.

Объект исследования: сравнительная педагогика как самостоятельная отрасль научного знания.

Предмет исследования: тенденции развития сравнительной педагогики в Республике Казахстан.

Цель исследования: определение ведущих направлений, закономерностей и тенденций развития сравнительной педагогики в Республике Казахстан, разработка организационных условий развития навыков сопоставительного анализа и критического мышления студентов вузов и их экспериментальная проверка в образовательном процессе вуза.

Методы исследования: анализ научных источников; системный анализ; обобщение; классификация; изучение и обобщение педагогического опыта, описательный, статистический, исторический, социологический, сравнительный, аналитический методы, синтез, обобщение, абстракция, индукция, дедукция.

Научная новизна полученных результатов состоит в том, что:

охарактеризованы ведущие направления, закономерности и тенденции развития сравнительной педагогики в Республике Казахстан в конце XX начале XXI века; предложены результаты сравнительного анализа методологических подходов современного состояния системы подготовки и повышения квалификации учителей в Республике Казахстан и других стран; через педагогический эксперимент проверена результативность методики формирования навыков сопоставительного анализа и критического мышления у студентов, разработаны практические рекомендации.

Степень использования или рекомендации по использованию. Разработанная соискателем программа специального курса «Сравнительная педагогика» может применяться в качестве дополнительного учебно-методического материала в обогащении содержания дисциплины «Педагогика». Материалы и результаты исследования могут быть полезны и для составителей и разработчиков концептуальных подходов для решения актуальных проблем современного образования с использованием мирового положительного опыта, международного сотрудничества**.**

Область применения. Образовательный процессе вуза, система подготовки и повышения квалификации учителей в Республике Казахстан и других стран.

RESUME

dissertation research Chinibaeva Gulnary Duisekovna on the topic «Development of comparative pedagogy in the Republic of Kazakhstan» in search of the degree of candidate of pedagogical sciences in specialty 13.00.01 - general pedagogy, history of pedagogy and education

Keywords: comparative pedagogy, development, comparative studies, integration, globalization, analysis, comparison, critical thinking, analytical thinking, generalization, modernization, reform.

Object of research: comparative pedagogy as an independent branch of scientific knowledge.

Subject of research: trends in the development of comparative pedagogy in the Republic of Kazakhstan.

The purpose of the study: definition and justification of the peculiarities of the situation and trends in the development of comparative pedagogy in the Republic of Kazakhstan.

Research methods: scientific-theoretical analysis of scientific sources on the problem of research; systematic analysis; communication; classification; study and generalization of pedagogical experience of educational organizations of foreign countries. From the special research methods used the following methods: descriptive, statistical, historical, sociological, comparative, analytical, synthesis, generalization, abstraction, induction, deduction.

The scientific novelty of the results obtained is that:

– analyzed the leading directions and trends in the development of comparative pedagogy in the Republic of Kazakhstan at the end of the XX - beginning of the XXI century;

– the results of the comparative analysis of the current situation and trends in the development of general secondary education and training of teachers in the Republic of Kazakhstan and other countries;

– through pedagogical experiment the effectiveness of methods of application of comparative analysis and development of practical recommendations is proved.

Degree of use or recommendations for use. The program of the special course "Comparative Pedagogy" developed by the applicant can be used as an additional educational and methodological material in enriching the content of the discipline "Pedagogy". The materials and results of the study can also be useful for the compilers and developers of conceptual approaches to solving urgent problems of modern education using the world's positive experience and international cooperation.

Application area. The educational process of the university, the system of training and advanced training of teachers in the Republic of Kazakhstan and other countries.